**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**

**“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**29-август 2024-жыл № 7** **Совет айылы**

**“Кеңеш айыл аймагындагы ирригациялык курулмаларды**
**Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынына (РСЧБ)**
***өткөрүү жөнүндө”***

Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынын 2024-жылдын 19-август № 01-6/128 чыгыш сандуу катына негиз, Кеңеш айыл аймагындагы “Кеңеш-Суу” Суу Пайдалануучулар Ассосациясынын (СПА) карамагындагы ички чарбалык каналдарын жана тийиштүү каражаттарын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 207 токтому боюнча Базар-Коргон райондук комиссиясынын тактоо актысынын негизинде, Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүү максатында Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VIII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кенеш айыл аймагындагы “Кеңеш-Суу” Суу Пайдалануучулар Ассоцациясын (СПА) Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына (РСЧБ) өткөрүп берүүгө макулдук берүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

3. Мыйзамдуу жагын карап берүү Кеңеш айыл өкмөтүнүн юристине милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.М.Канполотов**